**Калмаматова Замира Абдырахмановнанын «Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени» аттуу темадагы 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясына экинчи оппоненттин**

# ПИКИРИ

Ааламдашуу шартында дүйнөлүк саясий процесстерде, этностор аралык мамилелерде болуп жаткан терең өзгөрүүлөр кыргыз коомчулугуна, философиясына жаңы түшүнүктөрдү киргизүүнү, заманбап дүйнөдөгү этностор ортосундагы мамиленин жаңы кырлары менен өңүттөрүн изилдөөнү талап кылууда. Бүгүнкү күндө этномаданий маргиналдуулук проблемасы, дегеле, этномаданият, этнос, маргиналдуулук феномени Кыргызстанда гана эмес, башка өлкөлөрдө да актуалдуу проблемалардан болуп келет.

Албетте, баардыгыбызга белгилүү болгондой дүйнөлүк маданият адамзаттын жалпы мурасындагы бирдиктүү бүтүндүктү түзүү менен айрым элдердин, этностордун каада-салттары, баалуулуктары менен болгон алаканын натыйжасында жаңыланып турат. Натыйжада ар кандай элдердин ортосундагы диалог, ойлом менен тажрыйба алмашуу, башкалардын каада-салты менен баалуулуктарын өздөштүрүүнүн шартында этномаданият акырындык менен алдан-күчтөн тайып жок болуу коркунучуна айланат. Жогорудагы проблемаларга философиялык өңүттө анализ жүргүзүү замандын талабы болуп саналат.

Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Киришүүдө теманын актуалдуулугу белгиленип, иштин максаты, милдеттери жана илимий жаңылыгы аныкталган. Ошондой эле, коргоого сунушталган негизги жоболор, изилдөөнүн теориялык, практикалык мааниси, изилдөөчүнүн жеке салымы, диссертациянын жыйынтыктарынын

апробацияланышы көрсөтүлгөн. Диссертациянын логикалык түзүлүшү андагы коюлган максат, милдеттер каралуучу проблемалардын өзгөчөлүктөрү менен аныкталган.

“Проблеманы изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери” аттуу биринчи бапта этномаданий маргиналдуулук феноменин илимий анализдөөнүн олуттуу өңүттөрү, этномаданий маргиналдуулук менен аны шарттаган факторлорду илимий анализге тарткан адабияттарга кыскача обзор берилген. Ошондой эле, этномаданий жана социомаданий маргиналдуулуктун цивилизациялык системалардагы ролу концептуалдык рефлексиянын деңгээлинде анализденген. Дүйнөлүк масштабдагы ааламдашуу мезгилиндеги этномаданий жана социомаданий маргиналдуулуктун концепциялык мазмуну аныкталып, кыргыздардын этномаданияты менен көчмөн цивилизациясынын чегинде маргиналдуулуктун айрым элементтеринин калыптануу жана өнүгүү детерминанттары концептуалдуу изилдөөгө алынган.

**«Кыргыздардын маданиятындагы маргиналдуулуктун болмушу»** деп аталган экинчи бапта кыргыздардын этномаданиятындагы орусташтыруу процесстери менен байланышкан неотиптердин калыптануу жана көрүнүү өзгөчөлүктөрү *илимий анализден* өткөрүлгөн жана ааламдашуу шартында кыргыз этномаданиятындагы кескин трансформациялар, о.э. эмгек миграциясы менен кыргыз диаспорасынын тарыхый тажрыйбалары жана алардын этномаданият мааниси илимий маанайда изилденген.

Ошондой эле, дээрлик 150-200 жыл бою жалпы тарыхка ээ болуп жашаган кыргыздар менен орустардын ортосундагы өз ара маданий алакалардын маргиналдуулук феноменинин айрым формаларынын пайда болушуна тийгизген таасири илимий анализге алынган. Ааламдашуунун концептуалдык негиздери менен максаттары, алардын кыргыз этномаданиятына тийгизген айрым көйгөйлүү кесепеттерин аныктоого жана иликтөөгө аракеттер жасалган.

Изилдөөчү кыргыздардын этномаданиятындагы орусташтыруу менен байланышкан неотиптик элементтер Орусия Падышалыгы менен СССР мамлекети мезгилинде өзгөчө байкалгандыгын белгилеген.

Диссертант тарабынан буга чейин ата мекендик илимий адабиятта этникалык кыргыздардын, алсак, кытайлык кыргыздардын этномаданияты тигил же бул деңгээлде изилденип келгендигин белгилейт. Өлкөбүздөгү оор экономикалык жана социалдык кырдаал, жумушсуздук кыргыз жаштарынын башка чет өлкөлөргө кетүүсүнө, кыргыз диаспораларынын түзүлүшүнө өбөлгө түзгөн. Учурда кыргыз этносунун өкүлдөрүнүн этномаданияты да, социомаданияты да илимий изилдөөгө алынбай келе жаткандыгы белгилүү. Ушуга байланыштуу изилдөөчү тарабынан кыргыз диаспораларынын кээ бир маселелерин иликтөө жана алардын келечегине прогноздорду берүү аракеттери жасалган.

Бүгүнкү күндө ааламдашуу шартындагы кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феноменин философиялык өңүттө изилдөө өзгөчө мааниге ээ. Албетте, иште кемчиликтер жок эмес. Тактап айтканда, диссертациядагы стилистикалык жана орфографиялык каталар кетирилген, бирок бул иштин баалуулугун төмөндөтпөйт жана Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын койгон талаптарына жооп берет.

Жалпылап айтканда, Калмаматова Замира Абдырахмановнанын «Ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени» аттуу темада жазылган диссертациясы 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Экинчи оппонент:**

**Философия илимдеринин кандидаты** **Искендерова А.К.**

И. Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университети
Колун тастыктаймын

13.02.17